**Изденүүчү Сооронбаева Каухар Акылбековнанын “Компетенттүүлүк мамиледе магистрдик билим берүү программаларынын окутуу натыйжаларын долбоорлоо жана баалоо (“Физика-математикалык билим берүү” магистрдик программасынын мисалында)” аттуу диссертациялык иши жөнүндө п.и.д., профессор Н.А. Асипованын эксперттик корутундусу**

Эксперт п.и.д., профессор Асипова Нурбубу Асаналиевна изденүүчү К.А. Сооронбаеванын “Компетенттүүлүк мамиледе магистрдик билим берүү программаларынын окутуу натыйжаларын долбоорлоо жана баалоо (“Физика-математикалык билим берүү” магистрдик программасынын мисалында)” аттуу темадагы диссертациялык ишин карап чыгып, төмөндөгүдөй пикирге келди:

Диссертациялык иш Ош мамлекеттик университетинде аткарылган. Илимий жетекчиси Ош мамлекеттик университетинин доценти, педагогика илимдеринин кандидаты Алтыбаева Мейлихан.

1. Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугуң берилген адистикке иштин дал келиши.

Сунуш кылынып жаткан диссертациялык иш Д 13.23.662 диссертациялык кеңештин профилине туура келет. Диссертациялык иштин темасы 13.00.01- педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистигинин мазмунун камтып турат.

2. **Диссертациялык иштин темасынын актуалдуулугу** талашсыз, себеби Кыргыз Республикасында алгачкы ирет физика-математикалык билим берүү боюнча магистерлерди даярдоо, тактап айтканда аталган илимий багыт боюнча магистрдик билим берүү программасын долборлоо жана баалоо маселелери каралган. Изилдөөнүн актуалдуулугу КР Болония процессинен кирген 2012-жылдан баштап, азыркы күнгө чейин ЖОЖдордо көп баскычтуу билим берүү маселелери, бакалаврларды жана магистерлерди даярдоо атайын илимий өңүттөн талдоого алына электиги менен түшүндүрүлөт. Ошол эле мезгилде каралып жаткан иш магистрдик даражадагы билим берүүгө байланыштуу биринчи илимий эмгек экендиги менен актуалдуу жана баалуу. Изилдөөчү КР шартында ЖОЖдордогу көп баскычтуу билим берүүнүн экинчи баскычында - магистратурада физика-математикалык билим берүүнүн натыйжасын долборлоо жана баалоо моделин иштеп чыгууну көздөйт.

**3. Изилдөөнүн максаты**: компетенттүүлүк мамилеге негизделген «Физика-математикалык билим берүү» магистрдик программасынын окуу натыйжаларын долбоорлоонун жана баалоонун моделин иштеп чыгуу, теориялык жактан негиздөө жана эксперимент аркылуу текшерүү деп аныкталган.

**Изилдөөнүн милдеттери:**

1. Компетенттүүлүк мамилени ишке ашырууда билим берүү программаларынын окуу натыйжаларын долбоорлоонун жана баалоонун илимий-теориялык негиздерин жана практикадагы абалын аныктоо.
2. «Физика-математикалык билим берүү» магистрдик программасынын окуу натыйжаларын долбоорлоонун жана баалоонун учурдагы абалын изилдөө методдорун аныктоо.
3. «Физика-математикалык билим берүү» магистрдик программасынын окуу натыйжаларын долбоорлоонун жана баалоонун моделин иштеп чыгуу, натыйжалуулугун эксперимент аркылуу текшерүү жана практикалык сунуштарды иштеп чыгууну камтыйт.

Изилдөөнүн максат, милдеттерине жана логикасына ылайык жетектөөчү идеясы магистердик билим берүү программалары аркылуу бүгүнкү заманбап эмгек рыногунун талаптарына жооп бере ала турган компетенттүү жана кеспипкөй адистерди даярдоону физика-математикалык билим берүү программасын долборлоо жана баалоо маселесин чечүү аркылуу ишке ашырууга болот деген тезиске негизделген.

4. **Изилдөөдөн келип чыккан натыйжалар жана алардын теориялык жаңылык деңгээли.**

Диссертациялык иште каралып жаткан иштин максатына жана милдеттерине ылайык төмөнкүдөй натыйжалар алынган:

1. Натыйжа компетенттүүлүк мамилеге негизделген билим берүү программаларынын окуу натыйжаларын долбоорлоо, баалоо боюнча теориялык көз караштар, типтүү түшүнүктөр ачыкталган.

2. "Физика-математикалык билим берүү" магистрдик программасынын окуу натыйжаларын долбоорлоонун жана баалоонун практикадагы абалы аныкталган.

3. "Физика-математикалык билим берүү" магистрдик программасынын окуу натыйжаларын долбоорлоонун жана баалоонун модели иштелип чыкты; моделдин натыйжалуулугу эксперимент аркылуу текшерилип, практикалык сунуштар иштелип чыккан.

5. **Алынган натыйжалардын жаңылык деңгээли**.

1. Натыйжаны жарым-жартылай жаңы деп кабыл алууга болот, себеби таанып-билүү жана билим берүү жаатында компететтенттүүлүккө негизделген окутуу, кесип ээлерин даярдоо жетишээрлик деңгээлде изилденген. Издөнүүчүнүн салымы компетенттүүлүк парадигмага таянуу менен КР шартында физика-математика багытында магистердик программасы боюнча билим берүүнүн натыйжаларын долборлоо жана баалоону изилдөөнү илимий иштин предмети катары кароо менен тиешелүү натыйжаларды бере алган.

2. Натыйжаны жаңы деп кабыл алууга болот, себеби "Физика-математикалык билим берүү" программасы боюнча заманбап магистрлерди

даярдоону долбоорлоонун жана баалоонун теориялык модели жана практикадагы абалы аныкталган.

3. Натыйжаны да жаңы деп кабыл алууга болот, себеби “Физика-математикалык билим берүү” магистрлерди даярдоонун модели калыптандыруучу эксперименттен өткөрүлүп, аталган профиль боюнча магистердик программанын натыйжалуулугу аныкталып, пракатикалык сунуштар иштелип чыккан.

Алынган натыйжалар изилдөөнүн максат, милдеттерине шайкеш методдорду колдонуу менен аткарылып, педагогикалык эксперимент аркылуу текшерилип, илимий чөйрөдө апробациядан өтүп, илимий басылмаларда жарык көргөн.

6. **Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү**.

«Физика-математикалык билим берүү» магистрдик программасынын окуу натыйжаларын долбоорлоо жана баалоо багытындагы теориялык жактан негизделип, ушул багыт боюнча профессордук-окутуучулук курамдын өз дисциплиналары боюнча окуу-методикалык комплекстерин (жумушчу программа, силлабус, баалоо каражаттарынын фонду, окуу-методикалык материалдар) мыкты иштеп чыгууга өбөлгө түзөт.

6. **Изилдөөдөгү корутундулардын жана жоболордун ынанымдуулугу жана негиздүүлүгү:**

Изилдөөдөгү коргоого сунушталып жаткан жоболор негизинен жүйөлүү болуп, каралып жаткан иштин логикасына, анын мазмунуна дал келүү менен изилдөө учурунда алынган маалыматтарды ар тараптан анализдөө аркылуу жүргүзүлгөн. Диссертациядагы эмпирикалык жана эксперименталдык изилдөөлөрдүн илимий натыйжалар жана коргоого сунушталып жаткан жоболор изденүүчу тарабынан жеке иштелип чыккан.

**7. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келиши.**

Автореферат диссертациянын мазмунуна, андагы коюлган изилдөөнүн максатына, милдеттерине толугу менен дал келет. Авторефераттын кыргыз, орус, англис тилдериндеги резюмелер бири бирине идентүү.

8. Диссертациялык мурдакы абалына салыштырмалуу илимий жаткан бтр топ жакшырган, мазмунга, илимий аппаратка жана натыйжаларга тактоолор киргизилген. Ошол эле мегилде жактоого чейин илимий иштин деңгээлин жогорулатуу максатында төмөнкүлөрдү эске алуу зарыл:

- диссертациялык иштин теориялык бөлүгүндө долборлоо теориясын жана практикасын илимий көз караштан далидүүлүгүн күчөтүү зарыл;
- «Физика-математикалык билим берүү» магистрдик программасынын натыйжаларын долбоорлоонун жана баалоонун критерийлерин ачыктоого көңүл буруу керек.

- параграф. 1.2 менен 3.2. материалдарды иреттештирүү зарыл, себеби алар «Физика-математикалык билим берүү» магистрдик программасын долборлоо жана баалоонун абалын камтып турат. Алардын кайсыны аныктоочу экспреимент, ал эми кайсыны учурдагы тажрыйба экендиги түшүнүү кыйынчылык туудурат.

- изилдөөдөгү калыптандыруучу эксперименттин максат, милдеттерин аныктоо менен аларды адекваттуу чагылдыруу зарыл.

**9. Сунуштар:** Жогоруда белгиленген кемчиликтерди алдын ала коргоого чейин оңдоо-түздөө зарыл.

**10. Корутунду.**

Изденүүчү Сооронбаева Каухар Акылбековнанын “Компетенттүүлүк мамиледе магистрдик билим берүү программаларынын окутуу натыйжаларын долборлоо жана баалоо (физика-математикалык билим берүү магистрдик программасынын мисалында)” аттуу диссертациялык иши аттуу 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иш өз алдынча аткарылган илимий эмгек болуп эсептелет. Аталган диссертациялык ишти азыркы абалында алдын ала коргоого кабыл алууга болот, - деп эсептейм.

**Эксперт:**
**Ж. Баласагын атындагы КУУнун**
**Жогорку мектептин педагогикасы**
**кафедрасынын профессору, п.и.д.** **Асипова Н.А.**

**Кол тамгасын тастыктайм:**
**Ж. Баласагын атындагы КУУнун кадрлар**
**башкармалыгынын башчысы** **Жайнакова А.А.**

**10.11. 2024.**

Эксперт Н.А. Асипованын кол тамгасын тастыктайм. Дискеңештин окумуштуу катчысы Абдыкапарова А.О.